И. Раззаков атындагы КМТУда 2021-жылдын 21,22,23,24 жана 25 июнунда өткөн 670300 "Унаа процесстеринин технологиясы" багытынын «Ташууларды уюштуруу жана унаадагы башкаруу», «Жол кыймылынын коопсуздугу жана аны уюштуруу», «Унаадагы бажы иши» жана «Унаа логистикасы» профилдерин аттестациялоо боюнча Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын ишинин

# ОТЧЕТУ

1. **Уюштуруу иштери.**

1. 1. Бүтүрүүчү багыттар боюнча квалификациялык жумушту коргоо 2021 -жылдын 21,22,23,24 жана 25 июнунда саат 14-00дө 4-св аудиториясында өткөрүлдү. 25 июнда 9 студент башка мамлекетте жүргөндүктөн, азыркы санитардык эпидемиялогиялык кырдаалга байланыштуу дистанттык түрдө ZOOM программасы аркылуу тапшырышты. Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын (МАК) иш алып баруусу белгиленген график боюнча жүргүзүлдү. Квалификациялык жумушту коргоо орду жакшы даярдалган. МАКтын бардык мүчөлөрү дискуссия учурунда, жумуштук долбоорлорду талкулоо учурунда жигердүү катышышты.

1.2. Квалификациялык жумушту коргогонго чейин ар бир студент изилдөөчү, технологиялык жана уюштуруучу бөлүмдөр боюнча консультант мугалимдерден кеңештерди угуп, квалификациялык жумуштарын рецензенттердин сындарынан өткөрүшкөн.

1.3. Мамлекеттик Аттестациялык Комиссия төмөндөгүдөй курамда иш алып барды:

**МАКтын төрагасы:**

1. Атыканов Нурлан Качкынович –Бишкек мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгынын башчысынын орун басары;
2. **МАКтын төрагасынын орун басары**:
3. Эркебаев Алманбет Болотбекович- КР Транспорт жана жол министрлигинин алдындагы "Автомобиль, суу транспорту жана салмак-тыш өлчөм көзөмөлдөө" агенттигинин Эл аралык ташуулар бөлүмүнүн адиси башкы адиси;

**МАКтын мүчөлөрү:**

4. Раззаков Медер Иматбекович - ТУжКК минбарынын доценти, т.и.к;
5. Мырзалиева Аида Ойозбековна - ТУжКК минбарынын улук окутучуусу;

**МАКтын катчысы:**

6. Тагаева Эльвира Абдималиковна - ТУжКК минбарынын окутуучусу.

2. **Бакалаврларды даярдоонун сапатын иликтөө**

2.1. Квалификациялык жумуш: изилдөөчү технологиялык жана уюштуруучу бөлүмдөрүнөн турат. Бүткөрүлгөн квалификациялык жумуш атайын китепче түрүндө жасалгаланып (А4 форматында 50-80 бет көлөмүндө), орчундуу учурлар графикалык түрдө (А1 форматында 5-7 барак) көрсөтүлүп, баяндалды. Негизинен квалификациялык жумуштун негизги максаты, өзгөчөлүктөрү боюнча айтып берүү жакшы деңгээлде болду.

Квалификациялык жумушту аткарууда өтүлгөн бардык сабактарды: жүктөп-түшүрүүчү каражаттар, атайын кыймылдуу бөлүк, унаадагы мыйзамдуулук жана кыймылдын коопсуздугу кеңири колдонулган.

2.2. Жалпы техникалык жана атайын сабактар боюнча баклаврларды даярдоонун жалпы деңгээли баклаврларды даярдоонун бардык талаптарына жооп берет.

**3. Статистикалык отчет**

3.1. 670300 "Унаа процесстеринин технологиясы" багытынын «Ташууларды уюштуруу жана унаадагы башкаруу», «Кыймылдын коопсуздугу жана аны уюштуруу», «Унаадагы бажы иши» жана «Унаа логистикасы» профилдери боюнча квалификациялык жумуштарды коргоонун жыйынтыктары:

| № п/п | Көрсөткүчтөр | Баардыгы |
|---|---|---|
| | **ТТПб-1-17 группасы** | |
| 1. | Бүтүрүүчү квалификациялык жумушту коргогонго уруксат алгандар: | **25** |
| 2. | Аттестациялоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:<br>- эң жакшы<br>- жакшы | <br>10<br>15 |
| | **ТТПб-2-17 группасы** | |
| 1. | Бүтүрүүчү квалификациялык жумушту коргогонго уруксат алгандар: | **14** |
| 2. | Аттестациялоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:<br>- эң жакшы<br>- жакшы | <br>5<br>9 |
| | **ТТПдот-1-16** | |
| 1. | Бүтүрүүчү квалификациялык жумушту коргогонго уруксат алгандар: | **15** |
| | Аттестациялоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:<br>- эң жакшы<br>- жакшы<br>- канааттандырарлык | <br>3<br>12 |
| | **ТТПдот(т)-1-16(17)** | |
| 1. | Бүтүрүүчү квалификациялык жумушту коргогонго уруксат алгандар: | **14** |
| | Аттестациялоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:<br>- эң жакшы<br>- жакшы | <br>5<br>9 |
| Квалификациялык жумушту коргоого уруксат алган студенттердин жалпы саны жана анын жыйынтыгы: | | **68** |
| | - эң жакшы<br>- жакшы<br>- канааттандырарлык | 23<br>45<br>- |

**Жыйынтыктоо**

Кээ бир кетирилген кемчиликтерге карабастан бакалаврларды даярдоонун жалпы деңгээли бакалаврларды даярдоонун квалификациялык мүнөзүнө туура келет.

Жалпылап айтканда МАК бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарын коргогон студенттерге 670300 “Унаа процесстеринин технологиясы” багыты боюнча “Бакалавр” квалификациясын ыйгаруу жөнүндө чечим чыгарды.

**МАКтын төрагасы** **Атыканов Н.К.**